Айтурган Абдразакова- « Сүйөлү сүйүү бизге жаратылган»

сөзү: Байгелди Солтобаев
обону: Айтурган Абдразакова

Көктөм болуп көөдөндө калып кеттиң,
Көздөрүңдүн отуна жанып кеттим.
Жамиляны уурдаган Даниярдай.
Жаным мени бир күнү алып кеткин.

Алоолонуп көзүңдө турган жалын,
Арбагандай көңүлдү бурган жаным.
Боштондукка чыгарган датка болсоң.
Болоюнчу мен сенин Курманжаның.

Сүйөлү сүйүү бизге жаратылган,
Сүйүүмдү баала менин сага сунган.
Сүйкүмдүү сүйүшкөндөр бололучу,
Сүйүүнүн тарыхында кала турган!

Жүрөгүмдү жиби жок байлады муң,
Жамалыңды көргөнгө жайдарымын.
Мен ырдайын Бегимай болуп сага,
Сен ырдачы сезимин Раймылынын.

Түшүм болуп киресиң түнөгүмө,
Түшүнүксүз караба тилегиме.
Колдоо кылган өзүңө Зулайкамын,
Кожожаштай ок атчы жүрөгүмө.